КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

| | |
|---|---|
| МАКУЛДАШЫЛДЫ | БЕКИТЕМ |
| Б.Осмонов атындагы | Б.Осмонов атындагы |
| ЖАМУнун Окумуштуулар | ЖАМУнун ректору |
| кеңешинде каралды | т.и.д., профессор |
| «31» 05 2025 | К.Ж.Усенов |
| № 5 протоколу | |

# Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМЫНЫН, КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЖАНА СТУДЕНТТЕРИНИН ЭТИКАЛЫК КОДЕКСИ

## 1. КОДЕКСТИН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

1.1. Этикалык жүрүм-турумдардын кодексинин (мындан ары - кодекс) максаты - Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде (мындан ары - университет) эмгектенип жаткан профессордук-окутуучулук курамы, кызматкерлери жана студенттердин жүрүм-турум нормалары жана эрежелеринин жыйнагын түзүү, жөнгө салуу. Кодекстин эрежелери боюнча учурдун талабына ылайык жүрүм-турумдардын стандарты жана моделдери сунушталат. Ошондой эле окуу жайда профессордук-окутуучулук курамдын, кызматкерлердин жана студенттердин арасында жагымдуу психологиялык климатты түзүү, аны жайылтуу, ЖОЖдордун арасында, билим берүү чөйрөсүндө университеттин кадыр баркын жогорулатуу, студенттердин илимий-техникалык, спорт, маданият жаатында жетишкендиктерге жетишүүсү үчүн иш алып барат.

1.2. Университеттин түзүмдөрүнүн стратегиялык милдети – окуу жайдын ар тараптуу билим берүү чөйрөсүндө (педагогикалык, экономикалык , юридикалык, медициналык, табыгый-техникалык, ж.б.) бүтүрүүчүлөрдү жогорку деңгээлде даярдоодо, билим берүү, илим, бизнес жана өндүрүш жаатында мыкты кесипкөй адис болуусу үчүн лидерлик позициясын бекемдөөгө татыктуу салым кошуу.

1.3. Кодекстин милдети:

- Университеттин жамаатынын ички жүрүм-турум нормаларын жана этикалык эрежелерин аныктоо;
- Кызматкерлердин, студенттердин өз милдеттерин, университеттин миссиясын аткарууда жеке жоопкерчиликтерин жогорулатуу;
- Университеттик түзүмдүн тараптар менен болгон өз ара мамилелеринин этикалык нормаларын аныктоо, сактоо (бизнес өнөктөштөр менен, атаандаштар менен, массалык- маалымдоо каражаттары менен ж.б.).
- Университеттин кызматкерлеринин ортосундагы укуктук айырмачылыктар, субординацияларды аныктоо, сактоо;

табыгый-техникалык, ж.б.) бүтүрүүчүлөрдү жогорку деңгээлде даярдоодо, билим

## 2. КОДЕКСТИ КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

2.1. Кодекс, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Уставынын, ички тартипти жөнгө салуу эрежелеринин, коллективдүү келишимдердин принциптеринин жана жалпыга маалым нравалык-этикалык нормалардын негизинде иштелип чыкты.

2.2. Кодекс менен университеттин кызматкерлери таанышып чыккан соң, университеттин Окмуштуулар кеңешинде талкууга коюлуп, өзгөртүүлөр, сунуштар эске алынат. Жобону кабыл алуу сунушунун негизинде университеттин ректору тарабынан бекитилет жана ошол күндөн тартып күчүнө кирет.

2.3. Кодекс университеттин профессордук-окутуучулук курамынын, кызматкерлеринин жана студенттердин жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысынан турат.

2.4. Кодекс жүрүм-турум стандартына негизделип университеттин кадыр-баркын көтөрүү, адилеттүүлүктү жана калыстыкты камсыз кылуу, коомдук ишенимди бекемдөө, сактоо үчүн университеттке жардам берүү максатында иштелип чыккан.

2.5. Кодекстин пункттарын университеттин бардык тармактарындагы кызматкерлер жана студенттер билүүсү шарт.

## 3. ЖАМУНУН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЖАНА СТУДЕНТТЕРИНИН ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЭРЕЖЕЛЕРИ

3.1.Биримдик, ынтымактык, өз ара түшүнүүчүлүк, сабырдуулук түзүмдөрдө иштөөнүн жогорку нравалык атмосфераны түзүүнүн жана сактоонун маанилүү шарттарынын бири болуп саналат. Университеттеги профессордук-окутуучулук курамдын, кызматкерлердин, студенттердин жеке ар-намысы, кадыр-баркы, ыйман жана адеп-ахлакта дени сак жашоо образы негизги мааниге ээ. Маданиятсыздыкка, адепсиздикке, орой мамилеге, алдамчылыкка, аракечтикке жана коңул коштукка орун жок. Ошондуктан жүрүм-турум эрежелерин сактоо, чынчылдык, тактык, адилеттүүлүк, адептүүлук мамилелерди чыңдоо учурдун талабы.

3.2.Университеттин окутуучулары, кызматкерлери, студенттери сабакка жана жумушка чоң жоопкерчилик менен мамиле кылуусу шарт. Жумуш учурунда тыкан, ордуу, иштиктүү стилде кийинип жүрүү, окуу жайдын имараттарында баш кийимдерин чечүүсү, ошондой эле сырткы кийимдерин атайын бөлүнгөн кааналарга же гардеробдорго коюусу керек (эгер бар болсо).

3.3.Университеттин бардык кызматкерлери жана студенттери кийинүүдө субмаданиятка таандык, өзгөчөлүктөрдөн (металл чынжырлар, төөнөгүчтөр ж.б.) качуу керектиги сунушталат. Жумушка, сабакка спорттук костюмдарды, жакасы өтө терең оюлган, ийини, далысы, курсагы жылаңач формада тигилген, дене мүчөсү ачык көрүнүп турган кийимдер жана белге жетпеген же өтө энсиз тигилген шымдарды кийүүгө тыюу салынат.

3.4.Университетте бири-бирине “сиз” - деп кайрылуу шарт. Окутуучулар, кызматкерлер, студенттер аралык пикирлешүүдө, катуу кыйкырууга, нормативдүү эмес лексиканы пайдаланууга, өз ара акаарат көрсөткөнгө, шылдыңдаганга жана ат коюуга тыйюу салынат. Студенттер ортосундагы, окутуучулар ортосундагы, студенттер менен окутуучулар ортосундагы жекече мамилени эл алдында талкууга алууга тыюу салынат.

3.5.Университеттеги коопсуздукту камсыз кылуу жана укук бузууларга жол бербөө максатында көзөмөлдөө системасы иштейт. Университеттин ар бир корпусунун кире беришинде нөөмөтчү иштегендиктен, тастыктоочу документтерди көрсөтүп кирүү максатка ылайыктуу.

3.6.Эшиктен кирүүдө жана чыгууда кезекке туруу кырдаалы жаралса, студенттер окутуучуларга жана кызматкерлерге, эркектер-аялдарга, кичүүлөр улууларга кезек берет.

3.7.Саламдашуу салтын сактоо адептүүлүктун белгиси экендигин унутпоо жана сылык-сыпаа учурашып, ар дайым өзүнүн маданияттуулугун, адептүүлүгүн көрсөтүү шарт.

3.8.КРнын “тамеки тартууну чектөө” жөнүндөгү мыйзамына ылайык, университеттин имараттарынын ичинде тамеки тартууга тыюу салынат. Атайын белгиленген тамеки тартуучу жайда гана тамеки тартуу керек.

3.9.Сабакта, официалдуу иш-чаралардын жүрүшүндө жүрүшүндө (кеңешме, жыйналыш, конференция, жолугушуу ж.б.) студенттердин жана окутуучулардын кол телефондору өчүрүлүүсү шарт.

3.10. Иш-чараларда (чогулуштар, салтанаттуу жыйындар, жумуш багытындагы жолугушуулар, концерттер, майрамдар, ж.б.) сөз сүйлөп жаткан тарапка урмат-сый

менен мамиле жасоо зарыл жана тынчтыктын жана тартиптин сакталуусу шарт. Өтө зарыл болгон шартта жана тыныгуу мезгилинде залдан чыгууга болот.

## 4. СТУДЕНТТЕР ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА МАМИЛЕ

4.1. Университетте адамдык кадыр-баркты мазактоого тыюу салынат. Жаштар жамаатынын (студенттер) ортосундагы өз ара урмат-сый, адилеттик, чынчылдык - студенттер негиздене турган принциптер.

4.2. Студенттер арасындагы бири-бирине оройлук кылууга, уят сөздөрдү колдонууга, башкалардын ар-намысын, кадыр-баркын кордоого, шылдың кылууга, аларга моралдык, материалдык зыян келтирүүгө, мыйзамсыз иш-аракеттерди жасоого тыюу салынат.

4.3. Студенттердин окуу маселелерин биргеликте талкуулоосу жана чечүүсү, долбоорлорду аткаруусу, жаштар ортосундагы массалык конкурстарга жана иш-чараларга, маданий эс алууларды уюштуруусу жана катышуусу колдоого аларлык көрүнүш.

## 5. ОКУТУУЧУЛАР ЖАНА СТУДЕНТТЕР ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР

5.1. Студенттер сабакка ар дайым эрте келип, өз учурунда катышуусу керек. Профессор-окутуучу аудиторияга киргенде, бардык студенттер ордунан туруп саламдашышат жана олтуруу үчүн уруксат берилгенде орун алышат. Студент кечигип калган учурда, кечирим суроо менен башкалардын көңүл бурдурбай профессор-окутуучу уруксат берсе, бош турган жакыныраак орундуктан орун алышы керек.

5.2. Профессор-окутуучу өтүлүүчү сабак боюнча толук маалыматты студенттерге жеткирүүгө милдеттүү. Ошондой эле студенттер белгиленген мөөнөттө окутулуп жаткан сабактын мазмуну менен таанышууга, модулдун, экзамендин суроолорун алууга, өз алдынча даярдануу үчүн маалыматтарды алууга укуктуу. Мындай шартта профессор-окутуучу окуу куралдарын, электрондук жана маалымат булактарына шилтеме жасап берүүсү керек. Эгер студент суранса, аны шыктандыруу үчүн профессор-окутуучу баалоону мотивдештирүүгө милдеттүү.

5.3. Эгер студент сабактын тартибин бузса, профессор-окутуучу жазуу жүзүндө деканатка билдирип, тайпада иштөөгө тоскоолдук жараткан студентти сабактан четтетүүгө укуктуу. Мындай кырдаалда студент сабактан кийин сылык мамиле жасап абалды түшүндүрүп, профессор-окутуучудан кечирим суроо менен, абалды жөнгө салуусу шарт.

5.4. Студенттер сабактан сырткаркы мезгилдерде профессор-окутуучулар менен мамиле түзүүдө төмөндөгү эрежелерди сактоого тийиш:

- Профессор-окутуучулардын атын, фамилиясын, атасынын атын, кызматын билүү;
- Кафедрага, бөлүмгө кирип суроо берээрден мурда, маалымат тактайындагы маалымат менен таанышуусу керек;
- Профессор-окутуучулар төмөндөгү 4 шартта гана студенттер менен баарлашат:
  - Жадыбалга коюлган сабак маселесинде;
  - Жадыбалга коюлган өтүм-сынактарды кабыл алууда (кайра тапшырууда);
  - Жекече келишимдин негизинде убакыт бөлгөндө.

5.5.Профессордук-окутуучулук курамга төмөндөгүлөргө көңүл буруусу шарт:

- Студенттерди кемсинтүүгө, шылдыңдоого (айрыкча эл көзүнчө) алардын адамдык кадыр-баркын басынтууга;
- Тапшырманы аткарбагандыгы үчүн сабактан четтетүүгө;
- Окуу планы менен байланышпаган тапшырмаларды берип сынактан четтетүүгө;
- Студенттерден акча же белек алганга;
- Студенттер менен бирге коллегаларынын кесиптик жана жекече маселелерин, кемчиликтерин талкуулаганга;
- Сабакта соода жарнамалык, саясий жана диндик агитацияларды жүргүзгөнгө.

5.6.Студенттердин төмөндөгүлөргө укугу жок:

- профессор-окутуучуга орой мамиле жасоого, талашып-тартышууга, өзүн ыгы жок алып жүрүүгө;
- профессор-окутуучулар менен өзүнөн башка кимдир бирөөнү жактап же сынактык баасын талкуулоого.

5.7.Профессор-окутуучулар менен студенттин (студенттердин) ортосунда чыр-чатак чыккан айрым учурларда, кафедра башчысы маселесин обьективдүү чечет. Сынак маселесинде кафедра башчысынын көрсөтмөсү менен комиссия сунушталат (үч адамдан кем эмес) ал декан тарабынан каралып, сынакты комиссияга тапшырат.

## 6. ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМ ЖАНА КЫЗМАТКЕРЛЕР ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА МАМИЛЕ

6.1.Профессор-окутуучуларга, кызматкерлерге, жамаат мүчөлөрүнө таандык негизги принцип - эмгек этикасына ылайык адилеттүүлүккө жана чынчылдыкка негизделген өз ара сый мамиле түзүү.

6.2.Профессор-окутуучулар, кызматкерлер ортосундагы өз ара мамиле, урмат-сый принциптерине негизденип, оройлукка, уят сөз сүйлөөгө, башкалардын ар-намысына, кадыр-баркына шек келтирүүгө, моралдык жана материалдык зыян кылууга, мыйзамсыз иш-аракеттерди жасоого жол берилбейт.

6.3.Түзүмдүк бөлүмдөрдүн профессор-окутуучуларынын жана кызматкерлеринин жумуш маселелерин биргелешип талкуулоосу жана чечүүсү, долбоорлорду аткаруусу, эс-алуу иш-чараларын уюштуруусу колдоого алынат.

6.4.Университеттин профессордук-окутуучулук курамы, кызматкерлеринин иш процессинде кездешкен көйгөйлөрү, жарандык укуктарды коргогон документтердин, кодекстеги эрежелердин жана адилеттүүлүк прициптеринин негизинде жөнгө салынат.

## 7. АДМИНИСТРАЦИЯ, ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМ ЖАНА КЫЗМАТКЕРЛЕР ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА МАМИЛЕ

7.1.Университеттин администрациясына ректор, проректорлор жана бөлүм башчылар кирет. Факультеттин админстрациясына декан жана анын кызматкерлери кирет. Колледждердин админстрациясына директор, директордун орун басарлары, бөлүм башчылары кирет.

7.2.Университеттин администрациясы менен профессодук-окутуучулук курам жана кызматкерлеринин бири-бири менен өз ара карым-катнашы, алардын түз мамиледе узак мөөнөттүү кызматташуу, бири-бирине урмат-сый көрсөтүү жана ички

милдеттерди так аткаруу принциптерине негизденет. Кызматкерлер, окутуучулар жана иш берүүчүлөр өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө эмгек келишиминин бардык шарттарын сактоого милдеттүү.

7.3. Жумушта жетекчи жана кызматкердин өз ара ишмердүүлүгүндө, эки тараптардын кайсы биринин басым көрсөтүү аракетине, университеттин аброюна, адилеттүүлүк принциптерине дал келбеген чечимдерди чыгарууга тыюу салынат.

7.4. Ар түрдүү маселелерди чечүүдө, эффективдүү билим берүү же ишмердүүлүктү оптималдаштыруу багытындагы жамааттын идеялары жана демилгеси колдоого алынышы шарт.

7.5. Университеттин админстрациясы, профессордук-окутуучулук курамдын, кызматкердин кызматтык жогорулоосуна, бирдей кепилдик бериш керек.

7.6. Админстрация адам капиталын ийгиликтин булагы катары эсептейт. Профессордук-окутуучулук курам жана кызматкеринин жеке кызыкчылыктары, баалуулук артыкчылыктары эске алынып, анын дараметин өнүктүрүүгө көңүл бурулат жана социалдык коопсуздукту камсыздайт.

7.7. Университеттин жетекчилиги жамааттын ар бир мүчөсүнүн иштөө жөндөмүнө көңүл бөлөт. Университеттин бардык кызматкерлери, профессор-окутуучулары университеттин колдоосу астында дем алууга, ден-соолукту чыңдоого жеңилдик жолдомолорун алууга, спорт менен машыгууну жогорулатууга, көйгөйлөрүн чечүүдө жетекчиликтин максималдуу көңүл буруусуна татыктуу.

## 8. ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМ ЖАНА КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН МИЛДЕТТЕРИ

8.1. Университеттин ар бир профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкеринин ишинин максаты – студенттер күткөн ишенимди актоо, өнөктөштөргө жана билим алуучуларга көңүл буруу менен, биргеликте эффективдүү иш алып баруу.

8.2. Окуу жайлар ортосундагы атаандаштыкка туруштук берүү үчүн университеттеги профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкеринин иштеринин жыйынтыгы жогорку натыйжалуу болуусу шарт.

8.3. Университеттин профессордук-окутуучулук курам жана кызматкеринин эмгек тартибинин талаптарына ылайык өздүк жүрүм-турумунда, жогорку деңгээлдеги маданиятулукту, адептүүлүктү көрсөтүү менен, өз милдеттерин аткарууда жана кесипкөйлүүлүк ишмердүүлүгүндө үлгү көрсөтүүсү шарт.

8.4. Университеттин профессордук-окутуучулук курамы, кызматкерлердин изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, билимин өркүндөтүүдөгү максаттары университеттин кадыр-баркын жогорулатууга өнүктүрүүгө багытталуусу шарт.

8.5. Университеттин профессордук-окутуучулук курамы, университеттин жетекчилигине, анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө окуу, тарбиялык, илимий, ички жашоосун уюштуруу жөнүндө өз пикирлерин билдирүүгө арыз, сунуш менен кайрылууга укуктуу.

8.6. Университеттин профессордук-окутуучулук курамы, кызматкери жеке кызыкчылыктары үчүн университетке, университеттин аброюна зыян келтире турган, ар-намысын, кадыр-баркын кетире турган, ар кандай тоскоолдуктардын жасоосуна жана маалыматтарды таркатуусуна тыюу салынат.

8.7. Университеттин кызматкерлеринин, профессор-окутуучуларынын азыркы учурдагы заманбап жаңы коомдун талаптарына даяр болуусу, милдеттерди динамикалуу жана

чыгармачылык менен аткаруудагы ийкемдүүлүгү, мобилдүүлүгү, өзүн-өзү өнүктүрүүсү негизги сапаттардан болуп саналат.

8.8. Университеттин атынан, университеттен өкүл катары сүйлөгөн университеттин кызматкерлери, профессор-окутуучулары жана студенттери жүрүм-турум маданиятын, сүйлөө маданиятын, ишкердик этикасынын эрежелерин жана нормаларын сактоосу шарт жана ага милдеттүү.

## 9. УНИВЕРСИТЕТТИН ӨНӨКТӨШТӨРҮ МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕСИ

9.1. Университет жалпы билим берүү системасын жана анын айрым аспектилерин жогорулатуу жана өнүктүрүү максатында өнөктөштөрү менен иш алып барууга кызыкдар жана даяр.

9.2. Университеттин өнөктөштөр менен өз ара иш алып баруу процессинде, университеттен жана өнөктөштөрдөн коюлган милдеттерди так аткаруу жоопкерчилиги күтүлөт.

9.3. Университеттин ишмердүүлүгү өнөктөштөр менен узак мөөнөттүү жана максималдуу натыйжа алып келүүчү кызматташууга багытталат.

## 10. УНИВЕРСИТЕТТИН СЫРТКЫ ТҮЗҮМДӨР ЖАНА МАДАНИЙ-МАССАЛЫК КАРАЖАТТАР МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕСИ

10.1. Университеттин ишмердүүлүгү билим берүү жана илимий мекемелер, коомдук уюмдар, мамлекеттик жана соода тармагындагы түзүмдөр менен кызматташтыкта иш жүргүзөт. Университет сырткы түзүмдөр менен өз ара иш алып барууда ачык-айкын мамилелерин туюнткан жогорку деңгээлдеги кызмат этикасына негизденет жана мамилелешүүдө төмөндөгү принциптерди карманат:

- Өз милдеттерин аткаруудагы жоопкерчилиги жана ырааттуулук;
- Этикалык принциптерди сактоо;
- Берилген маалыматтын тактыгы;
- Маалыматтын ачыктыгы жана айкындыгы;
- Пикир келишпестиктер, талаш-тартыштар келип чыккан учурда компромисске баруу.

10.2. Университет өзүнүн ишмердүүлүгү тууралуу массалык маалымат каражаттары менен ачык мамиледе болот. Университеттин кызматкерлери, окутуучулары, студенттери массалык маалымат каражаттары менен мамиле түзгөндө:

- Жогорку окуу жайынын кадыр-баркына шек келтирген аракетти жасабайт, университеттин аброюн сактайт жана кызыкчылыгын коргойт;
- Өз ишмердүүлүгүндөгү такталбаган же жалган маалыматтарды таркатууга тыюу салынат.

10.3. Сырткы түзүмдөр, массалык-маалымат каражаттары менен иш алып барууну университеттин ректору же анын тапшырмасы аркылуу бөлүмдөрдүн жетекчилери ишке ашырат. Профессордук-окутуучулук курам жана кызматкер, админстрация өкүлдөрү сырткы түзүмдөр менен иш алып барууда түздөн-түз жетекчиликтин уруксатын алуусу шарт.

10.4. Университеттин кызматкерлери жана профессор-окутуучулары өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруунун жүрүшүндө алынган маалыматтардын,

интеллектуалдык менчик болуп саналган маалыматтардын конфиденциалдуулугун сактайт, ачыкка чыгарууга жана университеттен сырткаркы жерлерде колдонууга жана таратууга жол берилбейт.

## 11. УНИВЕРСИТЕТТИН АТААНДАШТАР МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕСИ

11.1.Университет ишмердүүлүгүнүн бардык аймактарында адилет, эркин жана ачык атаандаштык кызматына ээ. Университет атаандаштар менен пикир келишпестиктер, талаш-тартыштар болгон учурда кадыр-баркын сактоо менен сүйлөшүүгө жана компромисске барышы шарт.

## 12. ТАЛАШ-ТАРТЫШ МАСЕЛЕЛЕРДИ, ЧЫР-ЧАТАКТУУ КЫРДААЛДЫ ЖӨНГӨ САЛУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ

12.1.Университет профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкерлердин милдеттерин так бөлүштүрүүнү жолго койсо, жоопкерчилик чөйрөсүндөгү чыр-чатактар азайып, иш натыйжалуу жүрөт. Ошого карабастан, айрым учурларда пайда болгон чыр-чатактар тез аныкталып, катуу көзөмөлгө алынуусу жана университеттин зыян тартпоосуна багытталышы шарт.

12.2.Университеттеги чыр-чатакты эки тараптуу же көп тараптуу иштиктүү сүйлөшүүлөрдүн жолу менен чечүү колдоого алынат (Чыр-чатактар боюнча комиссия түзүлүүсү, маселени кароосу керек). Чыр-чатакты чечүүдө ачык-айкындык жана адилеттүүлүк процедуралык (жол жобо) принциптери сакталат.

12.3.Чыр-чатактуу кырдаалдын келип чыгуусу жөнүндө, аны оперативдүү жана натыйжалуу чечүү мүмкүндүгү, бардык тараптарга маалымат катары берилиши керек.

12.4.Сырткы түзүмдөр менен чыр-чатактуу көрүнүш келип чыкканда профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкер биринчи кезекте студенттердин кызыкчылыгын, ошондой эле университеттин аброюн, таламдарын да эске алуусу шарт.

12.5.Мындай чыр-чатактар студенттер арасында келип чыкса, аны тез жана адилеттүү чечүү үчүн жөнөкөйлөтүлгөн жол жоболорду колдонуу керек.

12.6.Университеттин бөлүмдөрүнүн ортосунда чыр-чатактуу кырдаал пайда болсо, жалпы жогорку окуу жайдын, университеттин аброюн сактоо жана кызыкчылыгы эске алынуу менен чечилет.

12.7.Университеттин тармактарынын бири да чыр-чатактуу кырдаалда өз кызыкчылыгын көздөп өз тарабына чыр-чатакты чечкенге укугу жок.

## 13. БЕЛЕКТЕР ЖАНА КЫЗМАТТАР

13.1.Университеттин кардарлары үчүнчү тараптар тарабынан ыраазычылык же кызмат көрсөтүү максатында жолдонгон белектерди же сунушталган кызматтарды университеттин админстрациясы же жетекчилиги тарабынан уруксат болмоюнча алууга же бирөөгө берүүгө уруксат жок.

13.2. Белектерди, кызматтарды алууда же өткөрүп берүүдө чыр-чатакты пайда кылуучу кырдаалдарды болтурбоо керек. Ар кандай түрдө белек катары акча алууга (суммасына карабай) тыюу салынат. Эгерде университеттин профессор-

окутуучуларына, кызматкерлерине университеттин официалдуу өкүлү катары (мисалы, коомдук иш-чараны презентациялоосу үчүн) белек же кызмат сунушталса, мындай шартта жетекчиликке сөзсүз кабарлап коюу максатка ылайыктуу.

13.3. Университеттин өнөктөштөрүнө же кардарларына белек ыйгаруу же кызмат көрсөтүү университеттин атынан жүргүзүлөт, профессордук-окутуучулук курамдын жана кызматкеринин жеке атынан кетирүүгө же берилүүгө тыюу салынат.

13.4. Университеттин символикалык белгилери түшүрүлгөн предметтер, сувенирлер белек катары ылайыктуу деп эсептелет.

## 14. ЖООПКЕРЧИЛИК

14.1. Эгерде кодекстин эрежелери жана нормалары бузула турган болса, анда университет ошол нормаларды жамааттын коомдук пикиринин талкуусуна коюш керек болот. Айрыкча одоно жана олуттуу бузууларга жол коюлса (профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкери сабакты өтпөгөндүгү, компетентсиздиги, пара талап кылганы аныкталса) студенттерди окуудан четтетүү, ал эми профессордук-окутуучулук курамды, тиешелүү кызматкерди жумуштан кетирүү сыяктуу админстративдик дисциплинардык жазалар колдонулат.

Түзүүчүлөр: Алибаев А.П.<br>
Доранова А.Д.<br>
Акматова А.Т.